Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектеби

Класстык саат

2-а класс

# Жолдо жүрүү эрежелери

Класс жетекчи: Шаршенова Г Ж.

*Класстык саат.*

*Сабактын темасы:* ***Жолдо жүрүү эрежелери.***

*Сабактын максаты:* а)Окуучуларга жолдо жүрүү эрежесин түшүндүрүү

Б)Жол белгилерин так билүүгө үйрөнүшөт

В)Жолдо жүрүүдө жол эрежесин сактап, абайлап жүрүүгө тарбияланышат

Сабактын жабдылышы:Светофор, жол белгилери тартылган сүрөттөр

Сабактын жүрүшү:

—Ар бирибиз жолдо жүрүү эрежесин так билүүгө тийишпиз. Жөө жүргөн адамдардын да жолдо жүрүү эрежеси бар.
Жол эрежесин үйрөнүп, дайыма так сактоо милдетибиз.

Жол эрежелери

Көчөдө бара жатканда шашпай, жолдун чети менен басуу керек. Көчөнүн бир жагынан экинчи жагына өтүүдө ар дайым эки жакты карап өтүү зарыл. Адамдар дайыма светофорго карап, ал жок жерде атайын адамдар өтүүчү жерден (зебрадан) өтүү керек.

(сүрөттөр көрсөтүлөт)

Жол эрежеси боюнча ырлар

Болбос үчүн кырсыктар,
Айталы жол эреже.
Эсиңерге туткула,
Билбегендер билишсин.
Жолдо жүрүү өзүнчө,
Кызык экен окусаң.
Эрежени үйрөнсөң,
Эркин басып жүрөсүң.
Эрежени сакташат,
МАИ деген ар дайым.
Эрежени үйрөнүп,
Эрежени бузбайбыз.
Жол үстүндө үч кабат
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коёт,
Эсиңе ал, өчүп,жанганын.
Жол эрежеси ушундай,
Айткандарды уккула.
Жол эрежесин так окуп,
Жол кырсыкка кабылба!
Жол эрежени так билсек,
Кырсык болбойт эч качан.

- Жөө жүргүнчүлөр жолдун кайсы жеринен өтүүсү керек?

- Көчөдө болгон жол кырсыктын баарына айдоочулар күнөөлүүбү?

- Кандай бала жол эрежесин бузбайт?

- Жол белгилери жолдун кайсы жагында жайгашкан?



Кроссворд

1. Светофордун кайсы түсү жанса токтойбуз? (кызыл)
2. Светофор жок болсо, кайсы жерден өтөбүз? (зебра)
3. Жөө жүргүнчүлөрдүн жолу эмне деп аталат? (тротуар)

4.Светофордо "даярдан" деген белги кайсы түс менен белгиленет? (сары)

5. Жолдон өтүп жатканда, эң биринчи кайсы тарапты караибы? (сол)
6. Светофордун кайсы түсү жанганда өтөбүз? (жашыл)



Класстык саат 1.6

# MiniChess®

## Мугалим үчүн жетектеме

КАСПАРОВ

БОРБОР АЗИЯДАГЫ ШАХМАТ ФОНДУ

# Биринчи деңгээл



Аты жана фамилиясы: ____________________

Туулган жылы: ________

“Жаркын келечек үчүн жөндөмдүү жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтели”

**Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектеби.**

**Табигый математикалык усулдук бирикмеси.**

**Тарбия саат**

8-б-класс

# Тема: Жашоонун мааниси. Сарамжалдуулуктун, үнөмдүүлүктүн мааниси, ысырапчылыктын зыяндуулугу.



*Мугалим: Базарбаева Асел*

*2022-2023 окуу жылы*

Аблес уулу Алайдар атындагы орто мектеби.

# Тарбиялык саат:

# Сүйүктүү Кыргызстаным




____класс.

Класс жетекчиси:Атакбек кызы Айгерим

# Тарбиялык саат:
# «Сүйүктүү Кыргызстаным»

**Сабактын максаты:** Ата мекенди сүйүүгө жана Ата журту менен сыймыктанууга тарбиялоо. Улут аралык достук биримдик, тынчтык – мекенибиздин өнүгүшүнүн негизги шарты экендигин кенже окуучулардын аң-сезимине жеткирүү.

**Сабактын жабдылышы:** Кыргызстандын картасы, герб, ГИМН жазылган сүрөттүү, обондуу видео фильм, Мекендин жаратылышын чагылдырган сүрөттөр, Кыргызстанда жашаган түрдүү улуттардын музыкасы жазылган кассета. А. Токтомушевдин «Булбул» аттуу жомогу (текст жана мультфильми).

**Сабактагы негизги иш-аракеттер:**

1. Мекенибиздин жаратылышы, Мамлекетибиздин символдору, элибиздин улут аралык достугу, ынтымагы, түрдүү улуттардын маданияты, үрп-адаты тууралуу окуучулар менен ой бөлүшүү.

2. Мекен тууралуу ыр ырдоо, макалдардын маанисин чечмелөө, жомоктун негизги идеясын айтып берүү.

Сабактын негизги идеясы: Мекенди сүйүү, билим жана тарбия, ынтымак, улут аралык достук, окуудагы ийгилик, чын ден соолук — Кыргызстандын гүлдөп өсүшүнө кошкон салым экендигин окуучуларга түшүндүрүү.

**Сабактын жүрүшү**

Сабакка балдардын көңүлүн буруп, жакшы маанай тартуулоо.

Көңүлдөрү ачык, кунт коюп отурушат.

2. Кыргызстандын Гимни.

Видеодон коюп берет.

Орундарынан туруп, оң колун жүрөгүнүн тушуна коюп, видео менен чогуу ырдашат.

3. Бүгүнкү сабактын максаты:

Балдар! Биз бүгүн «**Сүйүктүү Кыргызстаным**» деген темада тарбиялык саат **өтөбүз.**

Мекенди сүйүү, анын жаратылышы, символдору, улут аралык достук, окуудагы ийгилик, тартип, тарбия туралуу ой бөлүшөбүз.

4.Видеодогу

сүроттордү көрүү,

у.

н сыймыктанам,

табыз Манас эр менен,

Ак калпактуу тоо менен,

Ажайып кооз жер менен,

Суйкайган сулуу кол менен,

Баа жеткис каада-салт менен,

Сыймыктанып келебиз,

Көп улуттуу эл менен.

Ырды угушат.

Мугалим менен окуучунун иш-аракети

(суроо- жооп)

1. Гимнди ырдаганда эмне үчүн колубузду жүрөгүбүздүн тушуна коёбуз?
2. Мен сыймыктанам деген ырдын мазмуну эмне жөнүндө экен?
3. Мекенибиздин жаратылышы, символдору, жөнүндө эмне айта аласыңар?
4. Мекен жөнүндө ыр, макал билесиңерби?
5. Республикабызда кайсы улуттагы элдер жашайт?
6. Кайсы улуттан досторуң бар?

(Жалпы тапшырма)

Окуучулар берилген суроолор боюнча ойлонот, оюн так, туура айтууга аракеттенет.

6. Улуттук кийим

(Жуп-жуп болуп бирге ойлонуп, оюңарды топтоп жооп берсеңер болот).

1. Кайсы улутка тиешелүү?

(Жуп-жуп болуп иштешет).

Окуучулар бири-биринин оюн угуп, бир жыйынтыкка келип айтып беришет.

7. Мугалим (окуучулардын оюна, жообуна кошулат) бышыктайт.

Туура, Балдар! Мамлекетибиздин өзүнө тиешелүү символдору, Конституциясы, чек арасы, мамлекеттик тили бар. Мекенибиздин гүлдөп өсүшүүчүн, мамлекеттин символдорун ыйык сактап, силер жакшы билим-тарбияга ээ болуп, каада–салтты үйрөнүп, көп улуттуу эл менен достукта, ынтымакта жашап, өлкөбүздүн өнүгүшүнөөз салымыбызды кошуубуз абзел.

Окуучулар эстерине сактайт.

(ар дайым аткарууга аракеттенет).

асул Токтомушев «Булбул» жомок
иле, балдар! Ханга жардам беребиз.
Жомокто кимдер катышып жатат?
Бул жомоктун бүгүнкү сабакка кандай байланышы бар?
3. Жомок эмнеси менен жакты?

(Окуучулар жомокту угат, көрөт).
Жалпы суроого жооп беришет.

Бул жомоктун негизги максаты эмнеде?
3 топко бөлүнөт, ойлонот, ойлорун топтоп бир ойго келишет.
(топтон бирден окуучу чыгып жактайт).
9. Сабактын жыйынтыгы.
— Адам Мекенин сүйөт, булбул гүлзарын сүйөт — дегендей биз сыяктуу эле канаттуу куштар да өз мекенин сүйөт, сагынат. Жомоктун негизги идеясы мекенин сүйүп, куса болгонунда. Мекенди сүйүү бул — жакшы окуп, тартиптүү болуу. Бабалардан калган каада-салтты билүү, символдорду ыйык сезүү, эне тили менен сыймыктануу, чынчыл адептүү болуп, бардык улут менен ынтымакта жашоо.

10. «Мекеним- Кыргызстан» обондуу ыр
Баардыгын ордунан турууга өтүнөт.
Билсе кошулуп чогуу ырдашат.
11. Үйгө тапшырма
Мекен жөнүндө 1-2-куплет ыр жаттоо.
Тапшырманы эсине сакташат.